# О, Аллахтын элчиси, Сааддын энеси кайтыш болду. Ал үчүн кандай садака кылсам жакшы? - дейт. Аллахтын элчиси: "Суу" - дейт. Кийин Саад кудук казып, суу чыгарып: "Бул Сааддын энеси үчүн (садака)" - деди

Саад бин Убаданын (ага Аллах ыраазы болсун) айтымында, ал Аллахтын элчисине: О, Аллахтын элчиси, Сааддын энеси кайтыш болду. Ал үчүн кандай садака кылсам жакшы? - дейт. Аллахтын элчиси: "Суу" - дейт. Кийин Саад кудук казып, суу чыгарып: "Бул Сааддын энеси үчүн (садака)" - деди.

[حسن بمجموع طرقه] [رواه أبو داود والنسائي وابن ماجه]

Саад бин Убаданын (ага Аллах ыраазы болсун) энеси кайтыш болот. Ал пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) энеси үчүн кандай садака кылса жакшы болорун сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) садакалардын ичинен эң жакшысы суу экенин айтат. Кийин Саад кудук казып, суу чыгарып, аны энесинин атынан садака деп элдерге пайдаланууга берет.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65613